MANAS Sosyal Araştırmalar Dergisi 2026 Cilt: 15 Sayı: 3

MANAS Journal of Social Studies 2026 Volume: 15 No: 3

ISSN: 1694-7215

Research Paper / Araştırma Makalesi

# 5-класстын кыргыз тили окуу китебиндеги тексттерде камтылган баалуулуктарды изилдөө

Акматали АЛИМБЕКОВ[1], Арген ЖУМГАЛБЕКОВ[2] жана Мирзат АСЫЛБЕКОВА[3]

**Абстракт**

Бул изилдөө мамлекетбиздин жалпы билим берүү мектептеринин 5-классынын Кыргыз тили окуу китебиндеги текстердин мазмунун Шварцтын баалуулуктар методикасынын негизинде талдоого арналган. Изилдөөнүн максаты – китепте орун алган баалуулуктардын категорияларын аныктоо, классификациялоо жана алардын жыштыгын чыгарып, окуучуларга тийгизген таасирин баалоо. Изилдөөдө документ анализи жана контент анализи ыкмалары колдонулуп, китептеги 72 текст изилдөөгө алынган. Натыйжада эң көп кездешкен баалуулуктар «камкордук», «универсализм», «жетишкендик», «өз алдынчалык» жана «каада-салт» компоненттери болгон. Ал эми «күч», «шыктануу» жана «гедонизм» баалуулук компоненттери эң аз кездешкен. Жалпы эсеп боюнча «өзүн багыштоо» (37%) жана «консерватизм» (25%) метакатегориялары басымдуулук кылган. Жыйынтыктар окуу китебинин мазмунунда улуттук баалуулуктарды сактоо жана жайылтуу максаттары күчтүү экенин, бирок универсалдык жана инновациялык баалуулуктарга азыраак орун берилгенин көрсөткөн. Бул табылгалар кыргыз мектептериндеги тил окутуу процессинде балдардын дүйнө таанымын, улуттук идентттүүлүгүн жана руханий өнүгүүсүн калыптандырууда окуу китептеринин маанисин айгинелейт.

*Негизги сөздөр:* Баалуулуктарды окутуу, Кыргыз тили окуу китеби, Шварцтын баалуулуктар теориясы, контент-анализ, улуттук идентттүүлүк

# Analysis of the Value Content of Texts in 5th Grade Kyrgyz Language Textbook

**Abstract**

This article focuses on the value content analysis embedded in the texts of the Kyrgyz Language textbook prepared for 5th grade students in general education schools of the Kyrgyz Republic within the framework of Shalom Schwartz's theory of basic human values. The aim of the study is to define, classify, and determine the frequency of the value categories present in the textbook, as well as to assess their potential impact on students. The research employed document analysis and content analysis methods, with a total of 72 texts examined. The findings reveal that the most frequently occurring values are benevolence, universalism, achievement, self-direction, and tradition. In contrast, power, stimulation, and hedonism were the least represented value components. At the meta-category level, self-transcendence (37%) and conservation (25%) dominated the overall distribution. The results demonstrate that the content of the textbook strongly emphasizes the preservation and transmission of national values, while universal and innovative values receive comparatively less attention. These findings highlight the critical role of school textbooks in shaping students' worldview, fostering national identity, and supporting their moral and spiritual development within the Kyrgyz educational context.

*Keywords:* Values education, Kyrgyz language textbook, Schwartz's value theory, Content analysis, National identity

**Шилтеме / Please Cite As:**

Алимбеков, А., Жумгалбеков, А. жана Асылбекова, М. (2026). 5-класстын кыргыз тили окуу китебиндеги текстерде камтылган баалуулуктарды изилдөө. *Manas Sosyal Araştırmalar Dergisi, 15* (2), 930-945. https://doi.org/10.33206/mjss.1896454

**Келүү күнү/ Received Date:** 24.02.2026 **Кабыл алынган күнү / Accepted Date:** 27.03.2026

[1] Проф. Докт. - Кыргыз-Түрк "Манас" университети, Гуманитардык факультет, Педагогика бөлүмү, akmatali.alimbekov@manas.edu.kg, ORCID: 0000-0002-9824-5377

[2] PhD Докторант – Кыргыз-Түрк "Манас" университети, ЖОЖдон кийинки билим берүү институту, Педагогика багыты, argenzhumgalbekov@gmail.com, ORCID: 0000-0002-6238-9029

[3] PhD Докторант – Кыргыз-Түрк "Манас" университети, ЖОЖдон кийинки билим берүү институту, Педагогика багыты, mirzat.asilbekova@manas.edu.kg, ORCID: 0009-0004-4780-2630

Бул иш CC-NC-ND 4.0 боюнча лицензияланган.

## Киришүү

Азыркы баш аламан маалыматтык агым өкүм сүргөн шартта окуучуларды маалыматты сынчыл көз караш менен талдап, так жана ишенимдүү маалыматтарга таянууну үйрөтүү мезгилдин талабы болуп саналат. Ал эми таанып-билүү ишмердигин туура нукка салуу билим берүүнүн башкы милдеттеринин бирине айланды. Коомдук аң-сезимди маалыматтык башаламандыктын терс таасиринен коргоо үчүн универсалдык, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруу жана жайылтуу бүгүнкү күндө өзгөчө мааниге ээ. Бала төрөлгөндөн баштап белгилүү бир чөйрө менен өз ара таасирлешип чоңоет. Ромашова белгилегендей тиешелүү чөйрөлөрдүн баалуулуктары, каада-салты, маданияты, ишенимдери жана моралдык принциптери балдардын баалулууктарга болгон мамилесинин калыптанышына таасирин тийгизбей койбойт (Ромашова, 2021). Мындай чөйрөлөрдүн эң маанилүүсү болгон мектеп балдардын өсүп өнүгүшүнө таасирин тийгизген негизги маданий сегменттердин бири экендиги белгилүү (Окольская, 2012). Балдар абдан маанилүү жетилүү стадиясын мектепте өткөргөндүктөн мектептин таалим-тарбиялык потенциалын жогорулатуу, мектепте балдардын өсүп-өнүгүүсүнө оң таасирин тийгизген жагымдуу шарттарды түзүү талашсыз маселе. Эгер мектеп окуучуну өзүнчө инсан жана баалуулук катары кабыл алып, анын жеке баалуулуктар тутумунун калыптанышына жагымдуу шарт түзсө, анда окуучу да башка адамдарга, айлана-чөйрөгө, жаратылышка, билимге жана өнөргө да баалуулук катары мамиле кылганды үйрөнөт.

Бул өңүттөн караганда, бүгүнкү күндө мектепке жүктөлгөн милдеттер өтө татаал болуп, чоң жоопкерчиликти талап кылат. Аталган милдеттерди ишке ашыруунун негизги каражаттары катары билим берүү стандарттарына таянып иштелип чыккан окуу программалары жана окуу куралдары, анын ичинде окуу китептери кызмат кылат. Окуу китептеринде камтылган мазмунду окуучуларга так жана толук кандуу жеткирүү, окутуу процессин максаттуу жана натыйжалуу уюштуруу милдети болсо мугалимге жүктөлөт. Gordon Allportтун пикири боюнча, эгер бала боорукерлик, чынчылдык, жөнөкөйлүк же сый-урмат сыяктуу баалуулуктар менен мектепте таанышпаса, анда ал башка чөйрөлөрдө туш болгон баалуулуктарга да ишенимсиздик менен мамиле кылат (Allport, 1968).

Башка билим булактарынан айырмаланып, заманбап окуу китептеринде берилген тексттер өз ара байланышкан бир бүтүндүк катары кабыл алынып, окуучунун таанып-билүү жөндөмүн өнүктүрүүгө, адамдар менен натыйжалуу карым-катнаш түзүүгө, өзүн-өзү тарбиялоого жана өз алдынча өсүп-өнүгүүгө багытталган эмоционалдык баалуулуктарды чагылдырган материалдарды камтууга тийиш (Левитан жана Югова, 2023). Окуу китебине киргизиле турган тексттерди тандоо терең тажрыйбаны, тынымсыз эмгекти жана эл аралык деңгээлдеги изилдөөлөрдү талап кылгандыктан, окуу китебин түзүү өтө татаал жана чоң жоопкерчиликти жүктөгөн иш экени талашсыз. Ошол эле учурда өлкөбүздөгү мектептерде колдонулуп жаткан окуу китептериндеги тексттер окуучулардын баалуулуктар тутумунун калыптанышына канчалык деңгээлде оң таасирин тийгизет деген мыйзам ченемдүү суроо жаралат. Дал ушул маселени негиз кылып, биз окуу китептеринде камтылган тексттердин мазмунун баалуулуктар контекстинде талдоону максат кылдык.

Албетте ар бир мамлекеттин билим берүү саясаты билим берүүнүн максаттарын аныктап, тийиштүү маданий баалуулуктарды жана аларды жайылтуунун жолдорун белгилейт (Алимбеков жана Ташпынар, 2004). Бул багытта окуу китептерине мезгилдин актуалдуу маселелерин жана прогрессивдүү коомдук көрүнүштөрдү туюндурган материалдар менен катар көмүскө идеологиялык мазмундагы (Widodo, Perfecto, Canh and Buripakdi 2017), тактап айтканда мамлекеттин идеологиясын чагылдырган материалдар да камтылат. Өзгөчө тил үйрөтүүгө арналган окуу китептери аркылуу окуучуларга тийиштүү баалуулук, ишеним жана нормаларды сиңирүүгө аракет жасалат (Алимбеков, 2000). Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген жалпы билим берүүчү уюмдардын 5–11-класстары үчүн кыргыз тилин эне тил катары окутуунун предметтик стандартында баалуулуктар маселеси төмөнкүдөй каралган:

*«Баалуулук – бул окуучунун эне тилин улуттун эң улуу дөөлөтү, сыймыгы жана маданияты катары аңдап-түшүнүүсүн калыптандыруу. Эне тилди тарыхый жана руханий мурас катары сактап, аны менен сыймыктанууга жана активдүү колдонууга болгон жоопкерчиликтүү мамилени өнүктүрүү. Ошондой эле эне тил аркылуу улуттук баалуулуктарды жана жалпы адамзатка таандык руханий дөөлөттөрдү өздөштүрүп, аларды урматтап, барктап-баалоого жетишүү.»* (URL-1).


Бул иш CC-NC-ND 4.0 боюнча лицензияланган.

Негизи эле тил үйрөтүү туура, шар жана көркөм окуганды, укканын толук кандуу түшүнгөндү жана грамматикалык жактан туура жана лексикалык жактан бай сүйлөгөндү үйрөтүү менен катар эле окуучуларды салттуу маданият менен тааныштырып, улуттук жана универсалдык баалуулуктарга тарбиялоону да максат кылат.

Бул ыңгайда, 5-класстын Кыргыз тили (2018-жылы басылып чыккан, авторлору: А. К. Койлубаева, А. К. Койлубаева, Б. С. Орузбаева) окуу китебиндеги тексттерде туюндурулган баалуулуктарды Ш. Шварцтын методикасы боюнча иликтөө, категорияларга бөлүү жана жыштыгын аныктоо изилдөөнүн максаты болуп саналат.

## Методология

Аталган окуу китебиндеги тексттерди мазмундук жактан изилдеп, алар камтыган баалуулуктарды талдоодо документ анализи колдонулду. Салттуу документ анализинин жардамы менен тексттердин темасы жана негизги идеясы (Добреньков жана Кравченко, 2016) аныкталды. Ал эми тексттерде туюндурулган баалуулуктарды иргөө, чечмелөө, коддоо, категорияларга бөлүү жана сандык маанилерин чыгаруу (Мангейм жана Рич, 1997) ишмердүүлүгүн аткарууда контент анализ ыкмасы колдонулду. Григорьев белгилегендей, эки ыкманы айкалыштырып колдонуу тексттин мазмунун тереңирээк ачып берүүгө мүмкүндүк түзүп, изилдөөнүн объективдүүлүк деңгээлин жогорулатат (Григорьев жана Растов 2002).

Изилдөөнүн максаты 5-класстын Кыргыз тили окуу китебинде орун алган баалуулуктарды Ш. Шварцтын баалуулуктар системасынын алкагында талдоо болгондуктан, аты аталган баалуулуктар тутуму адаптациялоо максатында авторлор тарабынан англис тилинен кыргыз тилине которулган. 2 котормочу адис жана Педагогика билим багытында эмгектенген окумуштуу профессор тарабынан методиканын жумушчу версиясы текшерилип чыккан соң тиешелүү оңдоолор аткарылган. Шварцтын баалуулуктар системасынын кыргыз тилине адаптацияланган варианты №1-таблицада берилди.

**№1-таблица.** *Ш. Шварцтын баалуулуктар топтому*

| | № | Негизги баалуулуктар | Белгилери | | Көмөкчү баалуулуктар |
|---|---|---|---|---|---|
| Өзүн өнүктүрүү | 1 | **Күч** | Коомдук статус жана авторитет, элдин же ресурстардын үстүнөн контролдоо же үстөмдүк кылуу | 1.1 | Коомдук күч |
| | | | | 1.2 | Бийлик |
| | | | | 1.3 | Байлык |
| | | | | 1.4 | Коомдогу абройун сактоо |
| | | | | 1.5 | Элдин кадыр баркына ээ болуу |
| | 2 | **Жетишкендик** | Компетенттүүлүк көрсөтүү аркылуу коомдук стандарттарга ылайык жеке жетишкендикке жетүү | 2.1 | Ийгиликтүү |
| | | | | 2.2 | Жөндөмдүү |
| | | | | 2.3 | Амбициялуу |
| | | | | 2.4 | Беделдүү/таасирдүү |
| | | | | 2.5 | Интеллегенттүү |
| | 3 | **Гедонизм** | Ырахат алуу, өз сезимдерин канааттандыруу | 3.1 | Канааттануу |
| | | | | 3.2 | Жашоодон ырахаттануу |
| Жаңыланууга ийкемдүү | | | | 3.3 | Өз жыргалчылыгын көздөө/өзүн ардактоо |
| | 4 | **Шыктануу** | Толкундануу, жаңылыкка умтулуу, кыйынчылыктар менен күрөшүүгө бел байлоо | 4.1 | Тайманбастык |
| | | | | 4.2 | Көп кырдуу жашоо |
| | | | | 4.3 | Кызыктуу/бүйүр кызыткан жашоо |
| | 5 | **Өз алдынчалык** | Эркин ой жүгүртүү, көз карандысыз иш аракет кылуу, жаратуу, изилдөө | 5.1 | Билүүгө умтулган/кызыккан, кызыкдар |
| | | | | 5.2 | Жаратмандык/Чыгармачылык |
| | | | | 5.3 | Эркиндик |
| | | | | 5.4 | Максаттарын тандоо |
| | | | | 5.5 | Көз карандысыздык |
| | | | | 5.6 | Өзүн өзү сыйлоо |

Бул иш CC-NC-ND 4.0 боюнча лицензияланган.

**№1-таблица.** *Уландысы*

| | № | Негизги баалуулуктар | Белгилери | | Көмөкчү баалуулуктар |
|---|---|---|---|---|---|
| Өзүн багыттоо/арноо | 6 | **Универсализм** | Бүткүл адамзаттын жыргалчылыгы жана жаратылышты коргоо үчүн кам көрүү, түшүнүктүү жана толеранттуу болуу, ыраазы болуу | 6.1 | Айлана чөйрөнү коргоо |
| | | | | 6.2 | Табият менен таттуу мамиледе болуу |
| | | | | 6.3 | Керемет дүйнө/дүйнө коздугу |
| | | | | 6.4 | Дүйнө таанымы бай/ой чабыты кенен |
| | | | | 6.5 | Коомдук адилеттүүлүк |
| | | | | 6.6 | Акылмандык/даанышмандык |
| | | | | 6.7 | Теңдик/тең укуктуулук |
| | | | | 6.8 | Дүйнөдөгү тынчтык |
| | | | | 6.9 | Ички гармония |
| | 7 | **Камкордук** | Жакындарынын жыргалчылыгы үчүн кам көрүү | 7.1 | Жардам берүүгө даяр |
| | | | | 7.2 | Чынчыл |
| | | | | 7.3 | Кечиримдүү |
| | | | | 7.4 | Берилген/лоялдуу |
| | | | | 7.5 | Жоопкерчиликтүү |
| | | | | 7.6 | Руханий жашоо |
| | | | | 7.7 | Чыныгы достук |
| | | | | 7.8 | Жетилген/аң сезимдүү/түбөлүктүү сүйүү |
| | | | | 7.9 | Маңыздуу жашоо |
| Консерватизм | 8 | **Каада -салт** | Салттуу маданиятка же динге тийиштүү каада- салт жана жол-жосундарды сыйлоо, аткаруу жана кабыл алуу | 8.1 | Тагдырга каниет кылуу/баш ийүү |
| | | | | 8.2 | Диндар |
| | | | | 8.3 | Жөнөкөйлүк |
| | | | | 8.4 | Каада салттарды сыйлоо |
| | | | | 8.5 | Токтоо |
| | | | | 8.6 | Дүнүйөкорлуктан алыс болуу |
| | 9 | **Өзүн чектөө** | Башкаларды капа кыла турган, коомдук эрежелерге дал келбеген же коомдун үмүтүн актабаган кыймыл аракеттерден, пикирлерден, импульстардан өзүн кармануу, чектөө | 9.1 | Тил алчаак |
| | | | | 9.2 | Ата-энени жана улууларды сыйлоо |
| | | | | 9.3 | Сылыктык-сыпайыкерчилик |
| | | | | 9.4 | Өздүк дисциплина/тартип |
| | 10 | **Коопсуздук** | Коомдогу, жеке жашоодогу жана мамилелердеги коопсуздук, туруктуулук жана гармония | 10.1 | Таза/тыкан |
| | | | | 10.2 | Улуттук коопсуздук |
| | | | | 10.3 | Кызыкчылыктардын дал келүүсү |
| | | | | 10.4 | Коомдук тартип |
| | | | | 10.5 | Үй-бүлө коопсуздугу |
| | | | | 10.6 | Таандык болуу сезими |
| | | | | 10.7 | Ден-соолугу чың |

*Билдирүү: Топтом кыргыз тилине авторлор тарабынан которулган*

Ш. Шварцтын баалуулуктар методикасы боюнча 1992-жылы алтымыштан ашуун өлкөдө (ичинде Түркия да бар), 2006-2007 жылдары жыйырма беш (ичинде Россия да бар) өлкөдө жалпысынан 80ден ашуун мамлекетте изилдөө жүргүзүлүп (Окольская, 2012), бул методиканын жарактуулугу жана ишенимдүүлүгү аныкталган. Ошондой эле азыркы учурда да дүйнө боюнча илимий эмгектерде кеңири колдонулган баалуулуктарды аныктоо методикасы болуп саналат.

Ш. Шварцтын иштеп чыккан баалуулуктар теориясы боюнча баалуулуктар топтому 10 негизги категориядан турат. Ар бир категория өзүнүн концептуалдык мазмунун ачып берген 57 көмөкчү категория (көмөкчү баалуулук) аркылуу мүнөздөлөт. 10 негизги категория контент анализдин мазмундук категорияларынын ролун аткарды (Добреньков жана Кравченко, 2016). Кыргыз тили окуу китебиндеги тексттерде көмөкчү баалуулуктарды концептуалдык белгилерине карата аныктап, аларды каттап жана системалаштыруу (Creswell, 2012) аркылуу контент анализ индуктивдик схема боюнча ишке ашырылды. Тексттин мазмунунан 10 негизги категориянын концептуалдык негизин түзгөн тийиштүү сапаттык белгилерди (Вершловский жана Матюшкина, 2006), тактап айтканда 57 көмөкчү баалуулуктун белгилерин табууга аракет жасалды. Көмөкчү баалуулуктардын сапаттык белгилерин туюндурган сүйлөм/дөр жана абзац/тар анализ бирдиктерин түздү.

Бул иш CC-NC-ND 4.0 боюнча лицензияланган.

**Маалымат топтоо жана анализдөө**

Бир нече окумуштуулардын эмгектеринен (Yıldırım ve Şimşek, 2011) белгилүү болгондой жалпысынан документ анализинин этаптары бирдей. Документтердин оригиналдуулугу текшерилгенден кийин 5-класттын Кыргыз тили окуу китебиндеги тексттер дыкаттык менен окулуп чыкты. Мындан кийин талдоого алына турган тексттер иргелип изилдөөнүн чеги аныкталды. Изилдөөбүздүн предметин аты аталган окуу китебинде орун алган ар кандай көлөмдөгү 72 текст түздү. Тексттер аныкталгандан кийин 57 көмөкчү баалуулук кездешкен тексттин сегменттерин коддоо, сапаттык белгилерине карата категорияларга бөлүштүрүү иш-аракети аткарылды. Андан соң сегменттер концептуалдык мазмунуна карата субкатегория жана категорияларга жайгаштырылды. Соңку этапта негизги жана көмөкчү баалуулуктардын тексттерде кездешүү жыштыгы (Codequerer Вершловский жана Матюшкина, 2006) аныкталды.

Ал эми тексттерди интерпретациялоо жана маалыматтарды талдоо учурунда төмөндө көрсөтүлгөн ыкмаларга көңүл бурулду:

1. Текстте чагылдырылган баалуулуктардын кайсы категорияга таандык экендигин аныктоодо ошол категорияны мүнөздөгөн негизги идеяларга жана концептуалдык өзөккө өзгөчө көңүл буруу талап кылынат (Вершловский жана Матюшкина, 2006). Шварцтын 10 категориядан турган баалуулуктар системасында ар бир категория белгилүү бир маанини жана идеяны туюндурат. Тактап айтканда “универсализм” жана “камкордук” категориялары “кам көрүү, жардамдашуу” түшүнүктөрүн камтып, окшош концептуалдык мазмунга ээ. Бул категориялардын концептуалдык негиздерин айырмалай билүү үчүн ар бир категориянын жекече туюндурган идеясын эске алуу зарыл. Атап айтсак “универсализм” - “бүткүл адамзаттын жыргалчылыгы үчүн кам көрүү, жаратылышты коргоо” идеяларын камтыса, “камкордук” - “жакындарынын жыргалчылыгы үчүн кам көрүү” идеясын чагылдырат.

2. Экинчиден көмөкчү баалуулуктарды туюндурган кыйыр маанилерди аныктоо үчүн тексттин аталышын жана негизги идеясын таамай белгилөө, же болбосо контекстке жана тексттин эмоционалдык маанайына да көңүл бурууу абзел (Мангейм жана Рич, 1997).

3. Текстти интерпретациялоодо автор тексттин темасы же мазмуну боюнча жеке ой-пикирлерин аралаштырбастан, адресатка (Гадамер, 1988), башкача айтканда конкреттүү окуучуга кандай маалымат багытталгандыгын түшүнүүсү зарыл. Мисалы “Курманжан датка” деген тексттеги (Кыргыз тили, 11-бет) баалуулуктарды интерпретациялап жатканда мурдатан калыптанып калган пикирлердин таасирине кабылбастан, конкреттүү текстте 5-класстын окуучулары үчүн кандай баалуулуктар жөнүндө сөз болуп жаткандыгын аныктоо абзел.

## Табылгалар

Изилдөөнүн максатына карата 5-класстын Кыргыз тили окуу китебиндеги 72 текст Ш. Шварцтын баалуулуктар тутуму боюнча талдоого алынып, жыйынтыктар №2 таблицада көрсөтүлдү.

**№2-таблица.** *Шварцтын баалуулуктар топтому боюнча жыйынтыктар*

| № | ТЕКСТТЕР | Беттердин саны | Күч | Жетишкендик | Гедонизм | Шыктануу | Өз алдынчалык | Универсализм | Камкордук | Каада -салт | Өзүн чектөө | Коопсуздук | ЖАЛПЫ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | «Тил-пикир алышуунун куралы» | 5 | | 1 | | | | | 2 | | | | **3** |
| **2** | «Мамлекеттик тил-биригүүнүн данакери» | 5 | 1 | 1 | | | 2 | | 1 | 1 | | 2 | **8** |
| **3** | «Улуулардан улуу кеп» | 6 | | | | 1 | 1 | | 2 | 1 | | | **5** |
| **4** | «Сулайман- Тоо» | 10 | | 1 | | | | | | 1 | | | **2** |
| **5** | «Курманжан датка» | 11 | 2 | 3 | | | 1 | 1 | 2 | 1 | | 1 | **11** |
| **6** | «Баатыр уул жана эне сүтү» | 12 | 1 | 2 | | 1 | 2 | 1 | 3 | | 1 | 1 | **12** |
| **7** | «Сырттан көрүп баа бербе» | 12 | | | | | | 2 | 1 | | | | **3** |
| **8** | «Көөкөр үйлөтүү» | 12 | | | | | | 1 | 1 | | | 1 | **3** |
| **9** | «Баба дыйкан» | 13 | 1 | 3 | | | | 1 | | | | | **5** |
| **10** | «Асан Кайгы» | 14 | | 1 | | | | 2 | 1 | | | | **4** |

Бул иш CC-NC-ND 4.0 боюнча лицензияланган.

**№2-таблица.** *Уландысы*

| № | ТЕКСТТЕР | Беттердин саны | Күч | Жетишкендик | Гедонизм | Шыктануу | Өз алдынчалык | Универсализм | Камкордук | Каада -салт | Өзүн чектөө | Коопсуздук | ЖАЛПЫ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **11** | «Дүйнөлүк көчмөндөр оюну-Кыргызстанда» | 14 | 2 | 1 | | | | | 1 | 1 | | | **5** |
| **12** | «Keминенин жоруктарынан» | 17 | | | | 1 | 1 | 1 | | | | | **3** |
| **13** | «Кызык экен билип ал!» | 19 | 1 | 1 | | | | | 2 | | | 1 | **5** |
| **14** | «Компьютер досубузбу, же …?» | 19 | | | | | 2 | 1 | | | | 1 | **4** |
| **15** | «Менин Дагестаным» | 19 | | | | | | | 1 | 1 | | | **2** |
| **16** | «Атанын кеңеши» | 20 | 1 | 2 | | | | | 1 | | 2 | | **6** |
| **17** | «Жаратылыштагы үндөр» | 21 | | | 1 | | | 3 | 1 | | | | **5** |
| **18** | «Жер жана күн» | 21 | | | | | | 3 | | | | | **3** |
| **19** | «Чопо чоор» | 24 | | | | | | | | 1 | | | **1** |
| **20** | «Улуттук оюндар» | 24 | | 1 | | | | | 1 | 1 | | | **3** |
| **21** | «Тешкен тоо» | 25 | | 1 | | | | | | | | | **1** |
| **22** | «Күн карама» | 25 | | | | | | 1 | | | | | **1** |
| **23** | «Бурана» | 25 | | | | | | | | 1 | | | **1** |
| **24** | «Дүйнөнү дүңгүрөткөн- "Маш ботой"» | 26 | | | | | | | 2 | 1 | | | **3** |
| **25** | «Апама» | 27 | | | | | | | 3 | | 1 | | **4** |
| **26** | «Ийнелик» | 28 | | | | | | 2 | | | | | **2** |
| **27** | «Бекерчилик жөнүндө» | 40 | | 1 | | | 1 | | | | | | **2** |
| **28** | «Кандай адам кейикчээл» | 42 | | | | | | | 1 | 2 | | | **3** |
| **29** | «Биле жүр» | 42 | | | | | | 1 | | | | | **1** |
| **30** | «Нан-ырыскы» | 43 | | | | | | | | 1 | | | **1** |
| **31** | «Кызыктар дүйнөсүнөн» | 44 | | | | | | 1 | | | | | **1** |
| **32** | «Жибекчилик» | 44 | | 1 | | | | | | | | | **1** |
| **33** | «Билгениңди кишиден сураба» | 45 | | 1 | | | | | | | | | **1** |
| **34** | «Кимиси акылдуу» | 46 | | | | | 1 | | | | | | **1** |
| **35** | «Шамал» | 46 | | | | | 1 | 1 | | | | | **2** |
| **36** | «Түлкү менен карапа» | 47 | | | | | 1 | 1 | | | | 1 | **3** |
| **37** | «Күчтүү душман менен күчсүз дос» | 50 | | | | | 1 | | | | | 1 | **2** |
| **38** | «Бака менен чычкан» | 52 | | | 1 | | 2 | | 2 | | | | **5** |
| **39** | «Биле жүр» | 60 | | | | | | | | | | | **0** |
| **40** | «Аңгеме» | 60 | | | | | | | 1 | | | | **1** |
| **41** | «Эмне үчүн эне тили дейбиз» | 61 | | | | | | | 3 | | 1 | | **4** |
| **42** | «Соң көл» | 62 | | | | | | | | 1 | | | **1** |
| **43** | «Аталар сөзү» | 62 | | 1 | | | | | | | 1 | | **2** |
| **44** | «Бороон» | 65 | | | | 1 | | | | | | | **1** |
| **45** | «Боюңа карап жүргүн» | 66 | | | | | 1 | | | | | 1 | **2** |
| **46** | «Ар биринин чеги бар» | 66 | | | | 1 | 1 | | | | | | **2** |
| **47** | «Толубай сынчы» | 67 | 1 | 1 | | 1 | 2 | 1 | | | | | **6** |
| **48** | «Өзүнүн ким экенин кантип билүүгө болот» | 71 | | | | | | | | | | | **0** |
| **49** | «Биз өмүрдүн гүлүбүз» | 74 | | | 2 | 1 | | 1 | | | | | **4** |
| **50** | «Үзөңгү жолдош» | 76 | | | | | | | 1 | 1 | | | **2** |
| **51** | «Эмнеси окшошот» | 77 | | | | | | 1 | | | | | **1** |
| **52** | «Түшүмдө» | 82 | | | | | | | 3 | | 1 | 1 | **5** |
| **53** | «Булак» | 84 | | | | | | 1 | | 1 | | | **2** |
| **54** | «Алыкул Осмонов» | 88 | | 1 | | | 1 | | 1 | | 1 | 1 | **5** |
| **55** | «Өрмөк согуу» | 89 | | | | | | | | 1 | | | **1** |
| **56** | «Шире» | 90 | | | 1 | | | 3 | | | | | **4** |
| **57** | «Гүлкайыр» | 91 | | | 2 | 1 | | 1 | 1 | | | | **5** |
| **58** | «Чил» | 115 | | | | | 1 | | | | | | **1** |
| **59** | «Түлкү менен жүзүм» | 119 | | 1 | | 1 | | 1 | | | | | **3** |
| **60** | «Акыл оюндары» | 120 | | | | | | | | 1 | | | **1** |
| **61** | «Балык чарбасы» | 120 | | | | | | | | | | 1 | **1** |

**Бул иш CC-NC-ND 4.0 боюнча лицензияланган.**

**№2-таблица.** *Уландысы*

| № | ТЕКСТТЕР | Беттердин саны | Күч | Жетишкендик | Гедонизм | Шыктануу | Өз алдынчалык | Универсализм | Камкордук | Каада -салт | Өзүн чектөө | Коопсуздук | ЖАЛПЫ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **62** | «Жаштар сүйгөн Корея» | 120 | | | | 1 | | | 1 | | 2 | 2 | **6** |
| **63** | «Янтарь ташы» | 122 | | | | | | | | 1 | | 1 | **2** |
| **64** | «Бурана» | 124 | | | | | | | | 1 | | | **1** |
| **65** | «Ар нерсенин пири бар, колдоочусун билип ал» | 130 | | | | | | | | 1 | | | **1** |
| **66** | «Боорукер бала» | 141 | 1 | | | | | 2 | 1 | | | | **4** |
| **67** | «Жибек жолу» | 151 | | 1 | | 1 | | | | | | | **2** |
| **68** | «Чоң эненин табышмагы» | 154 | | | | | 1 | | 1 | | | | **2** |
| **69** | «Дудук» | 155 | | | | | | | | 1 | 1 | | **2** |
| **70** | «Аарылар- тазалыктын символу» | 157 | | | | | | | 3 | | 1 | 2 | **6** |
| **71** | «Күн чыкканга чейин уктабайт» | 157 | 1 | 2 | | | | | | | 1 | | **4** |
| **72** | «Апамдын майрамы» | 157 | | | | | | | 2 | | 1 | | **3** |
| | **Жалпы сандык маанилер** | | **12** | **28** | **7** | **11** | **23** | **34** | **46** | **22** | **14** | **18** | **215** |
| | **Жалпы пайыздык маанилер** | | **6** | **13** | **3** | **5** | **11** | **16** | **21** | **10** | **7** | **8** | **100** |

Талдоонун жыйынтыгы боюнча “Курманжан датка” (f=11) жана “Баатыр уул жана эне сүтү” (f=12) деген тексттердин мазмунунда баалуулуктар эң көп туюндурулгандыгы аныкталды. Ал эми 72 тексттин 20сы эң аз баалуулук туюндурган текст болуп, 2 текст болсо мазмунунда баалуулук камтылбаган текст болуп табылды.

№2- таблицадан көрүнүп тургандай, 5-класстын “Кыргыз тили” окуу китебиндеги тексттерде Шварцтын баалуулуктар топтому боюнча баалуулуктардын кездешүү жыштыгына карата “камкордук” (f=46) жана “универсализм” (f=34) категориялары эң көп кездешкен, “жетишкендик” (f=28), “өз алдынчалык” (f=23) жана “каада салт” (f=22) категориялары көбүрөөк кездешкен баалуулуктар болуп табылды. Ал эми “коопсуздук” (f=18), “өзүн чектөө” (f=14) азыраак кездешкен, ал эми “күч” (f=12), “шыктануу” (f=11)  жана “гедонизм” (f=7) баалуулуктары абдан аз кездешкен категориялар болуп табылды.

5-класстын “Кыргыз тили” окуу китебинде орун алган тексттерде Шварцтын баалуулуктар системасындагы 10 категория боюнча табылгалар төмөндө көрсөтүлдү.

1. “Күч” баалуулугу жалпы баалуулуктардын 6% пайызын түзүп “акылдуу эл башчынын”, “элин-жерин коргогон баатырдын” образдары менен коомдук күчкө ээ болуу, жеке жетишкендик аркылуу элдин урмат сыйына татыктуу болуу контекстинде туюндурулган. Мисалы “Курманжан датка” текстинде төмөнкүчө чагылдырылат:

“*Курманжан датка кыргындуу согуштарды алдын-алып токтотуп, элди аман сактоого бүт айла-амалын жумшаган...... Согуш болсо, кыргыздар кыргынга түшөрүн байкап, элди тынчытып, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп турган. “Датка”, “Алай ханышасы”, “Акылман” деген сөздүн баары Курманжанга таандык.”* (Кыргыз тили, 11-бет)

*“.... Уулу атасынын сөзүн ойлонуп угат да: - Ата, ар бир айылга үйдү кантип салам? Күндө өтүктү кайдан алам? Канткенде алдымдан эл кыя өтпөйт?. Карыя күлөт: - Анын жарасы жеңил, балам! Ар бир айылда күйүмдүү досуң болсо, үйүң болгону ошол. Өтүгүң күндө жаңырып турсун десең, кечкисин тазалап кой. Ишке таң заардан жөнө. Ошондо сени көргөн эл алдыңан кыя өтпөй, ийменип салам берет.”* (Кыргыз тили, 20-бет)

Анализдин жыйынтыгы боюнча “күч” баалуулугунун байлыкка ээ болуу мааниси ак эмгек менен ырыскы табуу контексттинде туюндурулганы аныкталды:

“*Эрте турган адам ырыскыдан куру калбайт, - деп айтышат аксакалдар. Ырыскы адамга эмгек менен келет. Жалкоо адамдар түшкө чейин уктайт. Жалкоонун ырыскысы кем болот дешет.*” (Кыргыз тили, 157-бет)

Ал эми “күч” баалуулугунун бийликке ээ болуу субкатегориясынын “Толубай сынчы”, “Баатыр уул жана эне сүтү”, “Боорукер бала” деген тексттерде негативдүү маанилери табылган: “*Хан жини келип Толубайдын эки көзүн ойдуруп таштайт”* (Кыргыз тили, 68-бет), *“Король баланы чакырып алды да,*


Бул иш CC-NC-ND 4.0 боюнча лицензияланган.

*кызматкердин айтканындай күрүч менен кумшекерди аралаштырып, кайра бөлгүн деп буйруду.*" (Кыргыз тили, 141-бет).

Негизинен элдик аң-сезимде "байлык" жана "бийлик" баалуулуктары "теңсиздикти" же "акыйкатсыздык, адилетсиздикти" чагылдырган каражат катары калыптанып калган. Ушундан улам окуу китептеринин мазмунунда бул баалуулуктарга азыраак орун берилген деп айтууга болот. Ошол эле учурда, барчылыкка, жыргалчылыкка жетүүнүн каражаты катары талыкпаган ак эмгек контекстинде «байлык» көмөкчү баалуулугуна кененирээк орун берүү азыркы учурда масс медиада кеңири чагылдырылып жаткан «оңой оокат» түшүнүгүнө сын көз караш менен мамиле кылууга тарбиялап, жеңил жол менен табылган кирешенин кулу болуудан алыс болууга багыттайт деп эсептейбиз.

2. Компетенттүүлүк көрсөтүү аркылуу жеке жетишкендикке жетүүнү билдирген "жетишкендик" баалуулугу 13% түзүп, эмгекти баалоо, эл жана мамлекет үчүн кызмат кылуу контексттеринде туюндурулган. Төмөнкү ыр саптарында жер иштетип маңдай тери менен элин баккан жана кадыр баркка ээ болгон баба дыйкандын образы чагылдырылат:

"*Ал буудайга эгедер*

*Баба дыйкан дегендер.*

*Ардакташат аларды*

*Ак нанынан жегендер.*

*Бул дүйнөдө жер улук.*

*Жер иштеткен эл улук.*

*Элин баккан нан менен*

*Баба дыйкан эр улук.*" (Кыргыз тили, 13-бет)

Ошондой эле бул категориянын беделдүү болуу контекстинде туюндурулганы да аныкталган:

"*2009-жылы "Ыйык Сулайман Тоо" эл аралык маанидеги статуска ээ болуп, ЮНЕСКОнун Бүткүл дүйнөлүк мурастарынын тизмесине катталган.*" (Кыргыз тили, 10-бет)

"*Балам, жашоонун сырын бил. Сенин алдыңдан эл кыя өтпөй саламдашсын. Ар бир айылда бирден үйүң болсун. Өтүгүң күндө жаңырып турсун.*" (Кыргыз тили, 20-бет)

«Жетишкендик» баалуулугунун «интеллегенттүү» же «амбициялуу болуу» субкатегориялары табылган эмес.

Бүгүнкү күндө "бай болуу" жашоодогу маанилүү жетишкендик катарында бааланып, «интелегенттүү болуу» баалуулугунун коомдук маанисинин жок болуп баратканды шексиз. Ошондуктан жаштар арасында "интелегенттүү, билимдүү болуу" трендин жайылтуу үчүн окуу китептеринин мазмунун түзүүдө бул көмөкчү баалуулукка көңүл бурулушу сунушталат.

3. "Гедонизм" баалуулугу жалпы баалуулуктардын 3 %на туура келип, "канааттануу" жана "жашодон ырахаттанууну" контекстинде туюндурулган. Мисалы "Биз - өмүрдүн гүлүбүз" аттуу чыгармада кездешет:

"*Бийик көктөн,*
*Нурун төккөн,*
*Орток биздин күнүбүз.*
*Жайнап өскөн,*
*Жайдары өскөн,*
*Биз - өмүрдүн гүлүбүз.*
*Көрүп сыйын,*
*Достук ырын*
*Түркүн тилде ырдайбыз.*
*Окшоп гүлгө,*
*Тынчтык күндө*
*Окуп, ойноп жыргайбыз!*" (Кыргыз тили, 74-бет)

Мисалдан да белгилүү болгондой Кыргыз тили окуу китебиндеги айрым тексттер руханий жашоону материалдык жыргалчылыктан жогору коюуга тарбиялайт деп айтууга болот.



**Бул иш CC-NC-ND 4.0 боюнча лицензияланган.**

Ошондой эле “гедонизм” баалуулугу жеке каалоосун канааттандыруу контекстинде 1 гана текстте кездешкени белгилүү болду.:

“..... *Ошентип бака менен чычкан дос болду. Күндөрдүн биринде бака чычканды конокко чакырды. Бака жээктен сууну көрүп, чыдабай секирип түштү. Ал сүзүп жөнөдү. Артынан чычкан да секирүүгө камынат. Бирок сүзгөндү билбей, суудан аябай тумчугат....”* (Кыргыз тили, 52-бет)

Мисалдан көрүп тургандай “гедонизм” баалуулугу жеке каалоосун канааттандыруу маанисинде негативдүү маанайда сүрөттөлгөн. Элдин түшүнүгүндө “гедонизм” баалуулугунун “өзүмчүлдүк” катары кабылдангандыгы белгилүү. Ошондуктан окуу китебинде азыраак орун берилген деп айтууга болот.

4. Анализдин жыйынтыгы боюнча ийгиликке жетүүгө, өсүп-өнүгүүгө жана ошондой эле кыйынчылыктарды жеңүүгө шыктандырган “Шыктануу” категориясы жалпы баалуулуктардын 5% түздү. Бул категория окуу китебинде көбүнчө «эр жүрөк, тайманбас болуу» контекстинде кездешет. Кеминенин жоруктарын баяндаган Түркмөн жомогунда төмөнкүдөй туюндурулган:

“*Кемине өзүнүн үйүндө уктап жатса, түн ичинде ууру кирип, бир нерсе колума урунуп калабы деп, кайсалап издей баштайт. Кемине ойгонуп кетип, каткырып күлөт:*

- *Анык макоо жигит экенсиң! Мен бул үйдөн күндүз эч нерсе таппай жүрсөм, сен келип түнкү караңгыда бир нерсе издейсиң да*!” (Кыргыз тили, 17-бет)

“Шыктануу” категориясынын концептуалдык негизи жаңыга умтулуу, кыйынчылыктарды жеңүүгө таянып толкундануу эмоциясы менен коштолот. Аты аталган окуу китебиндеги тексттерде “шыктануу” категориясы жаңыга, ийгиликке умтулуу, кыйынчылыктарды жеңүү контексттеринде берилген эмес.

5. Анализдин жыйынтыгынан көрүнүп тургандай “өз алдынчалык” баалуулугу 11% камтылып, көз карандысыз чечим чыгаруу, максаттарды туура коюу контекстинде баяндалат:

“*Компьютер, интернет, уюлдук телефон - учурдагы техникалык ой жүгүртүүнүн туу чокусу. Бирок аларга өтө берилсек адамзат жакшылык ниет менен ойлоп тапкан ар кандай жаңылык ийгиликтүү болбой турганын тарых жакшы билет. ........... Ырас, компьютерди жакшы билүү, анын сырларын өздөштүрүү азыркы өспүрүм үчүн зарыл. Анын жашообуздагы ролун, маанисин акыл-эс менен түшүнүп, аны кул кылышыбыз керек.*” (Кыргыз тили, 19-бет)

“Өз алдынчалык” категориясынын эне тилди жана мамлекеттин өз алдынчалыгын сактоого үндөгөн мекенчилдик контекстиндеги кыйыр маанилери да табылган:

*“Ата-бабабыз бизге мурас калтырган тилибиздин өмүрү - түбөлүктүү..... Тилибиз менен мактанып, сыймыктанып, ар дайым башыбызды бийик көтөрүп сүйлөп жүрөлү......*” (Кыргыз тили, 6-бет)

Ал эми чыгармачыл болуу, жаратуу, изилдөө маанилерин билдирген сапаттык белгилери табылган эмес.

6. “Универсализм” баалуулугунун кездешүү жыштыгы (16%) башка баалуулуктарга караганда басымдуулук кылат. Бул категория жаратылышка аяр мамиле жасоо, айлана чөйрөгө кам көрүү контекстинде арбыныраак кездешет. Мисалы “Шире” деген текстте кездешет:

“... *Жыпар жыт көңүл көтөрөт. Албетте, бул- гүлдөрдүн, ар кандай өсүмдүктөрдүн жыттары. Теребелге көрк берген да, жан-жаныбарга ырахат тартуулаган да ушул гүлдөр. Карап турсаң кандай гана кооз гүлдөрдү кезиктирбейсиң! Бирин-бири жерибей, алар аралаш өскөн. Алар ошонусу менен кооз, ошонусу менен көзгө сүйкүмдүү!........”* (Кыргыз тили, 90-91 бет)

Бул категориянын сапаттык белгилери даанышман болуу, толеранттуу болуу контекстинде да туюндурулганы аныкталды:

“*Акылман мындай деген экен: – Сырты суук, кийгени жупуну адамдардан жийиркенбей жүр. Адамдын ички сымбаты, сырткы сымбатынан жогору турат да, көзгө көрүнбөй, көкүрөккө сезилет. Акылды жараткан баш, алтынды жараткан таш.*” (Кыргыз тили, 12- бет)

Жыл мезгилдерине карата көчүп конуп жашаган кыргыз эли жаратылыштын кубулуштарын үйрөнүүгө умтулуп, табиятка сыйынып аяр мамиле жасаган. Ошондуктан бул баалуулук “Кыргыз тили” окуу китебиндеги тексттердин мазмунунда басымдуулук кылат деп айтууга болот.

**Бул иш CC-NC-ND 4.0 боюнча лицензияланган.**

7. “Камкордук” категориясы 21 % түзүп кездешүү жыштыгы жогору болгон баалуулук болуп табылды. Бул окуу китебиндеги тексттерде камкордук баалуулугу туулган жерди жана эне тилди сүйүү контекстинде арбыныраак кездешет:

«*Эгемендүүлүккө жетүүнүн миңдеген жылдык узак, коогалуу татаал сапарында элибиздин биримдигин сактап, эркиндикке умтулуу идеясын, улуу сезимин жараткан кыргыз тили болгон. Демек, элибизди башка элдерден айырмалап келген, улутубуздун улуттугун сактап жана ташка тамга баскандай көрсөтүп берген – кыргыз тилибиз.*» (Кыргыз тили, 5- бет)

Ошондой эле бул категориянын жакындарга жардам берүүнү жана жоопкерчиликти билдирген сапаттык белгилери да табылды:

“*Мисалы, аарынын уюгун алып көрсөк, бир уюкта жашаган аарылардын саны орто эсеп менен 80 миңге чейин чыгат жана андагы ар бир аарынын өзүнүн иши бар: бири гүлдөрдөн бал жыйнайт, экинчиси уюкту кайтарат, үчүнчүсү уюкту тазалайт. Мына ушул уюктун тазалыгын камсыз кылган аарылар керексиз калдыктарды сыртка чыгарып, уюкту желдетип турушат.*” (Кыргыз тили, 157-бет)

8. “Каада-салт” баалуулугу жалпы баалуулуктардын 10% камтыйт. Бул баалуулук улуттук майрамдар, оюндар, кол өнөрчүлүк, музыкалык аспаптар тууралуу тексттерде кездешет. “Улуттук оюндар” деген текстте мындайча чагылдырылган:

“*Тогуз коргоол- байыркы замандан калган кыргыздын улуттук оюндарынын бири. Ал адамдардан тунук сезимди, тапкычтыкты, жөндөмдүүлүктү, шамдагайлыкты талап кылып, эмгекке мамилесин, аң-сезимдүүлүгүн, кыраакылыгын арттырып келген. ...... Ошондуктан ата-бабадан калган акыл оюнун элге кеңири жайылтуу, кийинки муундарга калтыруу- алдыбызда турган парз.*” (Кыргыз тили, 24-бет)

9. Коомдук норма жана эрежелерге сыйбаган иш-аракеттерден өзүн карманууу же алыс болууну билдирген “өзүн чектөө” категориясы 7% түздү. Кыргыз элинин улуттук баалуулуктарына кирген эне-атаны сыйлоо жана улууларга урмат көрсөтүү контекстинде арбыныраак туюндурулгандыгы аныкталды. “Эмне үчүн эне тили дейбиз?” деген текстте төмөнкүчө баяндалат:

“*....... Демек, баланы тарбиялап өстүрүүдө атага караганда, эне көбүрөөк салым кошот. Эненин балага болгон мээрими да артыгыраак болот..... Силерди бул жарык дүйнөгө жаратып, бөпөлөп өстүргөн, силер үчүн өмүрүн берүүгө даяр турган эне-атаңарды урматтагыла, сыйлагыла!”* (Кыргыз тили, 61-бет)

Ошондой эле бул категориянын сылык мамиле жасоо, тил алчаак болуу маанилери да табылган:

*“.... Корейлер адамга жардам бергенди жактырышат. Алар эч качан жардам бере албайм деп баш тартышпайт. Баары тегиз башын ийкей салам беришет”.* (Кыргыз тили, 120-бет)

10. “Коопсуздук” баалуулугу 8% камтып, көбүнчө улуттун коопсуздугуна кам көрүү контекстинде туюндурган. “Баатыр уул жана эне сүтү” деген текстте төмөнкүчө берилет:

“ ........... *– Душманыма согуш өнөрүн үйрөтүп, сырымды тарттырганча, өлүмгө бетме-бет барганым артык. Душманыма колтук ачканымды энемдин ак эмчегинен эмген сүтү кечирбейт,- дептир кыргыз баатыры душманына тике карап.”* (Кыргыз тили, 12-бет)

Бул категориянын жеке коопсуздукка кам көрүү контекстинде ден соолукту, тазалыкты сактоо маанилерин билдирген сапаттык белгилери да табылган:

“*Эстүү кишинин боюна карап жүргөнү дурус. Сулуу эмес болсо, сулууланам деп жүзүн булгабасын. Сулуу болсо, өзүн адепсиз кылмыш менен кордобосун.*” (Кыргыз тили, 66-бет)

Шварцтын баалуулуктар системасынын мета категорияларына карата табылган жыйынтыктар төмөнкүдөй:

Бул иш CC-NC-ND 4.0 боюнча лицензияланган.

**№3- таблица.** *Шварцтын баалуулуктар системасынын мета категорияларына карата табылган жыйынтыктар*

| | **Өзүн өнүктүрүү** | | | **Жаңылануга ийкемдүү** | | **Өзүн багыштоо** | | **Консерватизм** | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Категориялар** | **Күч** | **Жетишкендик** | **Гедонизм** | **Шыктануу** | **Өз алдынчалык** | **Универсализм** | **Камкордук** | **Каада -салт** | **Өзүн чектөө** | **Коопсуздук** | **Жалпы** |
| **Жалпы** | 12 | 28 | 7 | 11 | 23 | 34 | 46 | 22 | 14 | 18 | |
| **N** | | **43,5** | | **37,5** | | **80** | | | **54** | | **215** |
| **%** | | **20,5** | | **17,5** | | **37** | | | **25** | | **100** |

1. «Өзүн багыштоо» метакатегориясындагы баалуулуктар жалпы баалуулуктардын 37 % түздү.
2. «Консерватизм» метакатегориясындагы баалуулуктар жалпы баалуулуктардын 25 % түздү.
3. «Өзүн өнүктүрүү» метакатегориясындагы баалуулуктар жалпы баалуулуктардын 20,5 % түздү.
4. «Жаңылануга ийкемдүүлүк» метакатегориясындагы баалуулуктар жалпы баалуулуктардын 17,5 % түздү.

## Жыйынтык, талкуу жана сунуштар

Изилдөөдө жалпысынан 72 текстке Шварцтын баалуулуктар тутуму боюнча анализ жасалган. Белгилүү болгондой Ш. Шварц баалуулуктарды концептуалдык белгилерине карата 10 негизги категорияга жана 4 мета категорияга бөлүп караган. Мета категориялардан “өзүн багыштоо” (37 %) жана “консерватизм”ди (25 %) туюндурган баалуулуктардын басымдуулук кылганы аныкталган. Бул категориялардын концептуалдык мазмунун түзгөн адамзатка, жаратылышка кам көрүү, каада-салттарды улантуу, тууган туушканга көмөктөшүү, толеранттуулук, лоялдуулук, ата-энеге жана улууларга урмат көрсөтүү, коомдук коопсуздукту сактоо сыяктуу баалуулуктар кыргыз элинин негизги баалуулуктарын түзөт.

Окуу китептерин иштеп чыгууда Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен предметтик стандарттардын талаптары эске алынган деп жыйынтык чыгарууга негиз бар. Анткени 5–9-класстарда кыргыз тилин эне тил катары окутуунун предметтик стандартынын «2.2.1. Эне тилин 5–9-класстарда окутуунун максаты жана милдеттери» бөлүмүндө окуучуларга эне тилге болгон сүйүүнү калыптандыруу жана улуттук баалуулуктарды өздөштүртүү негизги багыттардын бири катары көрсөтүлгөн (URL-1).

Мындан тышкары, «Окуу ресурстарын тандоонун жана окутуунун принциптери» бөлүмүндө окутуунун сегиз принциби аныкталып, алардын ичинен «Дүйнө таанытуучулук принцип» *«Кыргыз эли, анын тарыхы, маданияты, эне тилди колдонуу, өнүктүрүү, аны менен сыймыктануу жана коргоо»* сыяктуу мазмундагы окуу материалдарына көбүрөөк орун берүүнү талап кылат. Ушул себептүү аталган окуу китебинде «камкордук», «каада-салт», «өзүн чектөө», «коопсуздук» өңдүү баалуулуктар кеңири чагылдырылган деп айтууга болот (URL-1).

Ал эми «Эстетикалык принцип» эне тилдин көркөм байлыгын, ата мекендин жаратылышынын кооздугун жана улуттук маданияттын көрөңгөлөрүн терең өздөштүрүүгө багытталат. Ушуга байланыштуу окуу китебинде жаратылыштын кооздугун сүрөттөгөн тексттер арбын орун алып, жаратылышты сактоого үндөгөн «универсализм» баалуулугу кеңири орун алган (URL-1).

Ошондой эле «Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021–2030-жылдарга карата өнүктүрүүнүн концепциясында» (URL-2) да улуттук баалуулуктарга негизделген тарбияга өзгөчө басым жасалган. Бул глобалдашуу шартында улуттук баалуулуктардын солгундап кетүү коркунучу бар экендиги менен түшүндүрүлөт.

Ушул себептүү Кыргыз тили окуу китебиндеги тексттер мазмундук жактан «К.Р. предметтик стандарттын» талаптарына жана «2021–2030-жылдарга карата билим берүүнү өнүктүрүү концепциясынын» принциптерине шайкеш иштелип чыккан деп айтууга толук негиз бар.

Бул иш CC-NC-ND 4.0 боюнча лицензияланган.

Экинчиден коомго кайсы баалуулуктарды жеткирүү муктаждыгы бар болсо, ошол баалуулуктарды окуу китептери аркылуу чагылдырылууга аракет жасалаары анык (Inglehart, 1997). Кыргыз Республикасы эгемендүү мамлекет болуп жарыялангандан баштап билим берүү системасы аркылуу жаштарга эне тилде сүйлөгөндү, каада-салтты сыйлаганды, ата-мекенди жана эгемендүүлүктү коргогонду үйрөтүүгө далалат жасалып келет.

Бул окуу китеби «өзүн өнүктүрүүнү» (20,5%) жана «жаңылануага ийкемдүүлүктү» (17,5%) туюндурган баалуулуктардан да кур эмес. Мисалы «өзүн өнүктүрүү» метакатегориясына кирген «жетишкендик» баалуулугу жалпы баалуулуктардын 13 % түзүп, «жөндөмдүү», «ийгиликтүү» жана «беделдүү» көмөкчү баалуулуктары аркылуу чагылдырылган. Ал эми «жаңылануага ийкемдүүлүк» метакатегориясындагы «өз алдынчалык» баалуулугу болсо 11 % түзүп, көбүнчө «максаттарын тандоо», «көз карандысыздык» жана «эркиндик» көмөкчү баалуулуктары аркылуу туюндурулган. Жаштарды жөндөмдүү болууга, ийгиликке умтулууга, максаттарын так билип өз алдынча чечим кабыл алганга үйрөтүү замандын талабы десек жаңылышпайбыз.

«Жаңылануага ийкемдүүлүк» метакатегориясына кирген «шыктануу» баалуулугу болсо бул окуу китебинде негизинен эрдик, тайманбастык контекстинде чагылдырылган. Ал эми бул категориянын жаңы өзгөрүүлөргө ийкемдүү болууга, өсүп өнүгүүгө, ийгилик жаратууга жетелеген, кыйынчылыктарды жеңүүгө үндөгөн сапаттык белгилерине да орун берилсе моралдык жактан күчтүү инсандарды тарбиялоого өбөлгө болот деп ишенебиз.

Ал эми эң аз кездешкен баалуулуктар болуп “күч” жана “гедонизм” категориялары табылды. “Күч” категориясына кирген субкатегориялардан “коомдук күч” жана “элдин кадыр-баркына ээ болуу” баалуулуктары арбыныраак кездешип, “күчтүү эл башчы” жана “элин-жерин коргогон баатыр” образдары аркылуу чагылдырылган. Ал эми ресурстардын үстүнөн башкарууну билдирген “бийлик” субкатегориясынын негативдүү маанилери табылган. Материалдык үстөмдүктү билдирген “байлык” жана коомдук статусту билдирген “коомдогу абройун сактоо” субкатегориялары кездешкен эмес. Бул жагдайды “байлык” жана “бийлик” баалуулуктарынын коомдогу негативдүү орду менен түшүндүрүүгө болот.

Ушул сыяктуу эле “гедонизмдин” табияттын коздугунан ырахат алууну туюндурган маанилери гана табылып, материалдык жыргалчылыктан ырахаттанууга же өз жанын ардактоого багыттаган маанилери кездешкен эмес.

«Кыргыз тили» окуу китебинин мазмунунда камтылган баалуулуктар төмөнкүдөй тарбиялык мааниге ээ:

1. Элдин кызыкчылыгын жеке кызыкчылыктан өйдө коюу;

2. Социалдык жоопкерчилик алуу;

3. Адамдар менен жылуу мамиле куруу;

4. Масс медианын айрым терс таасирлерине кабылбай, коомдук иденттүүлүктү сактоо;

5. Улуттук үрп адаттарды, баалуулуктарды сактоо менен катар башка улуттардын да үрп-адат, баалуулуктарын сыйлоо;

6. Жан дүйнөнүн жыргалчылыгын материалдык жыргалчылыктан өйдө коюу;

7. Айлана-чөйрөнү коргоо.

Изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөтүп тургандай, бул окуу китеп кыргыз тилин үйрөтүү үчүн иштелип чыккандыктан улуттук баалуулуктарга кеңири орун берилиши закончлнемдүү нерсе десек жаңылышпайбыз. Ошентсе да окуу китебинде улуттук баалуулуктар менен катар өсүп өнүгүүгө оң таасирин тийгизген универсалдык баалуулуктарды да айкалыштырып чагылдыруу сунушталат.

Экинчиден окуу китептерин иштеп чыгууда тексттердин мазмунун, идеясын, көлөмүн, логикалык ырааттуулугун да эске алуу абзел. Кызыктуу маалымат камтыбаган, мазмуну кедей кыска тексттерди тсунуштоодон баш тартуу керек. Мисалы окуу китепте “Сырттан көрүп баа бербе” (Кыргыз тили, 12-бет), “Кандай адам кейикчээл” (Кыргыз тили, 42-бет), “Биле жүр” (Кыргыз тили, 42-бет), “Кызыктар дүйнөсүнөн” (Кыргыз тили, 44-бет), “Кимиси акылдуу” (Кыргыз тили, 46-бет), “Күчсүз душман менен күчтүү дос” (Кыргыз тили, 50-бет), “Биле жүр” (Кыргыз тили, 60-бет), “Боюңа карап жүргүн” “Ар биринин чеги бар” (Кыргыз тили, 66-бет) “Эмнеси окшошот?” (Кыргыз

Бул иш CC-NC-ND 4.0 боюнча лицензияланган.

тили, 77-бет) ж.б. тексттер кездешет. Мындай тексттердин катарынан орун алышы окуучулардын концентрациясын төмөндөтүп, таанып билүүчү жөндөмдөрүн азайтат.

Үчүнчүдөн тексттердин мазмуну окуучуларды кайсы бир баалуулукка карата пикир жаратуу же мамилесин өзгөртүүгө үндөбөйт. Мисалы тексттердин көпчүлүгү окуучуга маалымат алуучу катары мамиле жасап акыл үйрөтүү же насаат айтуу менен эле чектелип калган.

Тил үйрөтүүгө арналган окуу китебин иштеп чыгууда тексттердин мазмунун баалуулук контекстинде дыккат анализдеп, анын көлөмүн, эмоционалдык маанайын да эске алуу, улуттук жана универсалдык баалуулуктарды айкалыштырып максаттуу чагылдыруу сунушталат.

Жыйынтыктап айтканда бул эмгек окуу китептерин баалуулук контекстинде талдаган соңку изилдөө болбогондуктан келечекте аткарыла турган изилдөөлөргө көмөкчү материал катары кызмат кылат деп ишенебиз.

### Этикалык билдирүү

*5-класстын кыргыз тили окуу китебиндеги тексттерде камтылган баалууллуктарды изилдөө* аттуу изилдөө ишин жазуу процессинде илимий эрежелер, этика эрежелери жана цитата эрежелери сакталган. Чогултулган маалыматтар бурмаланган эмес, изилдөө жарыялоо үчүн башка академиялык басылмаларга жөнөтүлгөн эмес. Изилдөө боюнча этикалык комитеттин уруксаты кеоек эмес.

### Ethical Declaration

During the writing process of the study "*Analysis of the Value Content of Texts In 5th Grade Kyrgyz Language Textbook*" scientific rules, ethical and citation rules were followed. No falsification was made on the collected data and this study was not sent to any other academic publication medium for evaluation. Ethics Committee Permission is not required.

### Изилдөөчүлөрдүн салым кошуусу боюнча пайыздык билдирүү

Изилдөөчүлөрдүн кошкон салымдары тең болуп эсептелет.

### Statement of Contribution Rate of Researchers

The contribution rates of the authors in the study are equal.

### Конфликт билдирүүсү

Изилдөөдө эч кандай конфликт потенциал жок деп эсептелет.

### Declaration of Conflict

There is no potential conflict of interest in the study.

### Каржы билдирүүсү

Кыргыз-Түрк "Манас" университети.

### Funding

Kyrgyz-Turkish Manas University.

### Жасалма интеллек жана анын түрлөрүн колдонуу боюнча билдирүү

Жасалма интеллект жана анын түрлөрү бул макаланы жазууда колдонулган эмес.

### Statement of Use for Artificial Intelligence and Its Types

Artificial intelligence and its various types were not used in the writing of this article.

### Маалымат алмашуу боюнча билдирүү

Биз бул изилдөөнүн маалыматтарын тиешелүү "этикалык принциптер жана редакциялык саясат" бөлүмүндө белгиленген шарттарга ылайык, натыйжаларды ырастоо максатында акылга сыярлык суроо-талап боюнча жеткире аларымдыбызды билдиребиз.

### Data Sharing Statement

We declare that, upon reasonable request for the purpose of verifying the findings, we can share the data of this study according to the conditions specified in the relevant section of the "ethical principles and publication policy".

Бул иш CC-NC-ND 4.0 боюнча лицензияланган.

**Билдирүү**

Бул макала, изилдөөчүлөр тарабынан, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Илимий изилдөө долбоорлор координаторлугу аркылуу жүргүзүлүп, жыйынтыкталган "*Кыргыз, орус жана англис тили 5-класс окуу китептерин баалуулуктарды камтуу контекстинде анализдөө*" (KTMU-BAP-2024.SB.22) темасындагы изилдөө долбоорунун алкагында даярдалган.

**Note**

This article was conducted and completed by researchers through the Scientific Research Project Coordination Office of the Kyrgyz-Turk "Manas" University. This article was prepared within the framework of the research project "Analysis of 5th Grade Kyrgyz, Russian, and English Language Textbooks in the Context of Values Inclusion" (KTMU-BAP-2024.SB.22).

## Колдонулган адабияттар

Алимбеков, А. (2000). Педагогический потенциал пословиц и поговорок. *Русский язык и литература в школах Кыргызстана*, 129–140. (Alimbekov, A. (2000). Pedagogicheskiy potentsial poslovits i pogovorok. Russkiy yazyk i literatura v shkolakh Kyrgyzstana, 129–140.)

Алимбеков, А., & Ташпынар, М. (2004). *Окутуунун жалпы методдору*. Бишкек: КТМУ. (Alimbekov, A., & Tashpynar, M. (2004). Okutuunun jalpy metodoru. Bishkek: KTMU.)

Вершловский, С. Г., & Матюшкина, М. Д. (2006). *Контент-анализ в педагогическом исследовании*. Санкт-Петербург: Изд-во Санкт-Петербургской академии постдипломного педагогического образования (АППО). (Vershlovskiy, S. G., & Matyushkina, M. D. (2006). Kontent-analiz v pedagogicheskom issledovanii. Sankt-Peterburg: Izd-vo Sankt-Peterburgskoy akademii postdiplomnogo pedagogicheskogo obrazovaniya (APPO).

Гадамер, Х. Г. (1988). *Истина и метод: Основы философской герменевтики* (Б.Н. Бессонова пер.). Москва: Прогресс. (Gadamer, H.G. (1988). Istina i metod: Osnovy filosofskoy germenevtiki (B.N. Bessoınova per.). Moskva: Progress.)

Григорьев, С. И., & Растов, Ю. Е. (2002). *Основы современной социологии*. Москва: Педагогическое общество России. (Grigoriev, S. I., & Rastov, Yu. E. (2002). Osnovy sovremennoy sotsiologii. Moskva: Pedagogicheskoe obshchestvo Rossii.)

Добреньков, В. И., & Кравченко, А. И. (2016). *Методология и методика социологического исследования*. Москва: Академический Проект; Альма Матер. (Dobrenkov, V. I., & Kravchenko, A. I. (2016). Metodologiya i metodika sotsiologicheskogo issledovaniya. Moskva: Akademicheskiy Proekt; Alma Mater.)

Койлубаева, А. К., Койлубаева, А. К., & Орузбаева, Б. С. (2018). *Кыргыз тили*. Бишкек: Билим-компьютер. (Koylubaeva, A. K., Koylubaeva, A. K., & Oruzbaeva, B. S. (2018). Kyrgyz tili. Bishkek: Bilim-kompyuter.)

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги. (2021). *Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021–2030-жылдарга карата өнүктүрүүнүн концепциясы*. https://edu.gov.kg/media/files/3ae0adc0-2c9b-4014-9ee5-af90ce612959.pdf (Kyrgyz Respublikasynyn Bilim beruu jana ilim ministrligi. (2021). Kyrgyz Respublikasynda bilim beruunu 2021–2030-zhyldarga карата onukturuunun kontseptsiyasy. https://edu.gov.kg/media/files/3ae0adc0-2c9b-4014-9ee5-af90ce612959.pdf)

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги. (2023). *Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын 5–11-класстары үчүн кыргыз тилин эне тил катары окутуунун предметтик стандарты*. https://kao.kg/wp-content/uploads/2023/11/ПС-Кыргыз-тилин-эне-тили-катары-окутуунун-5-11-кырг.pdf (Kyrgyz Respublikasynyn Bilim beruu jana ilim ministrligi. (2023). Kyrgyz Respublikasynyn jalpy bilim beruuchu uyumdarynyn 5–11-klasstary uchun kyrgyz tilin ene til katary okutuunun predmettik standarty. https://kao.kg/wp-content/uploads/2023/11/PS-Kyrgyz-tilin-ene-tili-katary-okutuunun-5-11-kyrg.pdf)

Левитан, К. М., & Югова, М. А. (2023). Ценностный потенциал современного учебника иностранного языка для юридических вузов. *Язык и культура*, 235–255. (Levitan, K. M., & Yugova, M. A. (2023). Tsennostnyy potentsial sovremennogo uchebnika inostrannogo yazyka dlya yuridicheskikh vuzov. Yazyk i kultura, 235–255.)

Мангейм, Дж. Б., & Рич, Р. К. (1997). *Политология. Методы исследования* (А.К. Соколов пер.). Москва: Весь мир. (Mangeim, G. B., & Rich, R. K. (1997). Politologiya. Metody issledovaniya. (A.K. Sokolov, per.) Moskva: Ves mir.)

Окольская, Л. А. (2012). Жизненные ценности в учебниках для старшей школы. *Вопросы образования*, 93–125. (Okolskaya, L. A. (2012). Zhiznennye tsennosti v uchebnikakh dlya starshey shkoly. Voprosy obrazovaniya, 93–125.)

Ромашова, Л. О. (2021). Факторы, влияющие на формирование ценностных ориентаций молодежи. *Горизонты гуманитарного знания*, 38–44. (Romashova, L. O. (2021). Faktory, vliyayushchie na formirovanie tsennostnykh orientatsiy molodezhi. Gorizonty gumanitarnogo znaniya, 38–44.)

Allport, G. W. (1968). *The person in psychology* (Ю. И. Авидон, пер.). Boston, MA: Beacon Press.

Creswell, J. W. (2012). *Educational research: Planning, conducting, and evaluating quantitative and qualitative research*. Boston, MA: Pearson.

Inglehart, R. (1997). Value systems: The subjective aspects of politics and economics. In *Modernization and postmodernization: Cultural, economic and political change in 43 societies*. Princeton, NJ: Princeton University Press.

Бул иш CC-NC-ND 4.0 боюнча лицензияланган.

Widodo, H. P., Perfecto M.R., Canh L.V. & Buripakdi A. (2017). Incorporating Cultural and Moral Values into "ELT Materials in the Context of Southeast Asia (SEA) In *Situating moral and cultural values in ELT materials: The Southeast Asian context* (pp. 131–152). Cham: Springer International Publishing.
Yıldırım, A., & Şimşek, H. (2011). *Sosyal bilimlerde nitel araştırma yöntemleri*. İstanbul: Seçkin Yayıncılık.

## EXTENDED ABSTRACT

This study investigates the value content of texts included in the Kyrgyz Language textbook prepared for 5th grade students in general education schools of the Kyrgyz Republic, using the theoretical framework of Shalom Schwartz's theory of basic human values. The textbook plays a crucial role in shaping the worldview, moral development, and national identity of children, particularly at a time when globalization, rapid technological advancement, and the dominance of social media are reshaping young generations' perceptions of culture and values. In this regard, school textbooks serve not only as a source of linguistic and cultural knowledge but also as a medium for transmitting national and universal values that contribute to the holistic development of learners. The purpose of the research was to identify, classify, and analyze the categories of values embedded in the textbook, to determine their frequency, and to evaluate their potential influence on the formation of students' value orientations. To achieve this, the study applied document analysis and content analysis methods, which are widely recognized as appropriate for examining written materials. A total of 72 texts from the textbook were subjected to qualitative and quantitative analysis. Each text was examined in terms of the explicit and implicit values it communicated, and the content was coded according to Schwartz's classification, which includes ten main categories and fifty-seven subcategories of values. The findings indicate that the textbook reflects a broad spectrum of values, though with significant variations in frequency and emphasis. Among the values identified, benevolence (f=46) emerged as the most dominant, underscoring the importance of care, responsibility, and loyalty to family, community, and homeland. Closely following was universalism (f=34), which highlights themes such as environmental protection, social justice, equality, and tolerance. These two categories alone accounted for a substantial proportion of the total values identified, demonstrating the centrality of humanistic and collectivist orientations in the construction of the textbook. In addition, achievement (f=28), self-direction (f=23), and tradition (f=22) also appeared frequently, reflecting an emphasis on diligence, independence, goal-setting, cultural continuity, and respect for customs. By contrast, the values of power (f=12), stimulation (f=11), and hedonism (f=7) were rarely encountered, suggesting that the textbook avoids overt references to material wealth, authority, or individual pleasure-seeking. When analyzed through Schwartz's four higher-order meta-categories, the distribution of values shows that self-transcendence (37%) and conservation (25%) were dominant, followed by self-enhancement (20.5%) and openness to change (17.5%). This distribution suggests that the textbook predominantly promotes values of altruism, collectivism, respect for traditions, and social order, while placing less emphasis on innovation, creativity, and personal autonomy. Such an outcome reflects the cultural orientation of Kyrgyz society, where collective welfare and national identity are given priority, though it also highlights matter about the degree to which the educational system fosters innovation and critical thinking skills among students. The analysis further revealed that certain texts, such as Kurbanjan Datka and The Brave Son and Mother's Milk, were particularly rich in value content, portraying ideals of courage, loyalty, and patriotism. At the same time, around twenty of the analyzed texts contained only one identifiable value, and two texts lacked discernible value content altogether, pointing to inconsistencies in the selection and design of materials. Moreover, while benevolence and universalism were extensively represented, values linked to personal growth, self-initiative, and creative expression were comparatively underrepresented. For instance, although self-direction was present, it was mostly articulated through themes of independence and patriotism rather than through encouragement of creativity, innovation, or intellectual exploration. Similarly, the category of stimulation, which emphasizes novelty and challenge, appeared very rarely and was not connected to motivating students toward personal growth or overcoming difficulties. The findings also underscore the significance of tradition and cultural continuity. The presence of tradition values in the textbook reflects efforts to cultivate respect for Kyrgyz national customs, historical monuments, folklore, and traditional games, thereby embedding cultural heritage within the learning process. Likewise, conservation values, particularly those tied to family respect, obedience, and societal harmony, reinforce collectivist orientations. This aligns with national educational policy, which places strong emphasis on preserving cultural identity in the face of globalization. Nevertheless, the limited representation of values such as achievement in terms of intellectual excellence and self-direction in terms of creativity suggests that the balance between national and universal values remains incomplete. Overall, the results show the strengths and limitations of the textbook in fostering a balanced value system among students. On the one hand, the strong representation

Бул иш CC-NC-ND 4.0 боюнча лицензияланган.

of benevolence, universalism, and tradition contributes to strengthening national identity, social responsibility, and moral consciousness. On the other hand, the insufficient representation of innovation-oriented values such as stimulation, creativity, and intellectual ambition indicates a potential gap in preparing students for the challenges of society, where adaptability, problem-solving, and critical thinking are essential. In conclusion, the study demonstrates that the 5th grade Kyrgyz Language textbook is primarily designed to transmit national values, moral principles, and collective identity, in line with state educational standards and cultural expectations. It fosters loyalty to family, community, and homeland, encourages respect for elders, and emphasizes the preservation of nature and cultural traditions. At the same time, the relatively limited attention given to universal and innovative values suggests a need for greater integration of content that promotes creativity, intellectual achievement, and openness to change. Such integration would contribute to raising a generation of students who are not only rooted in their national identity but also equipped with the competencies required to engage with a globalized and rapidly changing world. The findings of this study therefore provide valuable insights for curriculum designers, policymakers, and educators, indicating the importance of balancing national and universal values in educational materials to support both cultural continuity and future-oriented development.

Бул иш CC-NC-ND 4.0 боюнча лицензияланган.